ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№05/24 протоколу

2025-ж. 18-январь Жалал-Абад ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 7
Катышкандар: 7
Катышпагандар: 0

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталаардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптуулар	Тиешелүү материалдар
1	2024-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасын өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитүү 2025- календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасынын долбоорун бекитүү 2024-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасынын аткарылышы боюнча отчет	Экономист Экономист Башкы эсепчи	Баяндама, смета, отчет
2	Ички жана сырткы кызматташтыкты күчөтүү жөнүндө	Ректор	Маалымат, токтом долбоору
3	Проректорлордун, структуралык бөлүмдөрдүн жарым жылдык отчеттору	Проректорлор, структуралык бөлүмдөрдүн башчылары	Отчеттор, токтом долбоору
4	Профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Баяндама, токтом долбоору
5	**Ар түрдүү маселелер**		
5.1	ЖАЭУнун илимий журналын ачуу жөнүндө	Илим, мамлекеттик тил, социалдык иштер боюнча проректор	Баяндама, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча университеттин башкы эсепчиси жана экономистинин 2024 –жыл үчүн отчету жана кийинки жыл үчүн план проектин баяндашты.

А) Экономист Мелис Каныбекович 2024-жылдын 4 айы үчүн университеттин кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасын көрсөтүп берди (смета тиркелет).

Сметага ылайык 2024-2025 окуу жылында алыскы чет өлкөлүк жарандар үчүн биринчи курска 60 студент жана жогорку курстарга 60 студент кабыл алууга пландаштырылган. Бул студенттерден түшкөн кире ше сметанын негизинде статьялардын чыгашасы боюнча бөлүштүрүлгөн.

Б) Мелис Каныбекович 2025-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгашалардын сметасынын долбоорун баяндап, бекитүүгө сунуштады (долбоор тиркелет).

Долбоорго ылайык 2025-2026 окуу жылы үчүн алыскы чет өлкөлүк жарандар үчүн биринчи курска 100 студент, Кыргыз Республикасынын жарандарына 50, жакынкы чет өлкөлүктөргө 50 кабыл алуу жана жогорку курстарга 120 студент улантуучу курстарда болору пландаштырылган. Бул студенттерден түшкөн кире ше сметанын негизинде статьялардын чыгашасы боюнча бөлүштүрүлгөн.

В) Башкы эсепчи Умут Акимбековна 2024-жылдын 4 айы үчүн кирешелердин жана чыгашалардын сметасынын аткарылышы боюнча отчет берди (отчет тиркелет).

Пландаштырылган акча каражаты студенттердин өз убагында окуу акысын төлөбөгөндүгүнө байланыштуу смета аткарылбаган. Студенттердин докумекнттерин кабыл алууга түшкөн акча каражаты 74 миң сомду түзгөн.

Сөзгө чыккандар:

1. Дипак Чаулагейн, окумуштуулар кеңешинин мүчөсү: – “2024-жылдын сметасы жана 2025-жылдын долбоору түшүнүктүү болуп түзүлгөн, жана ушундай кылып түзүүнү колдойм жана бекитип берүүгө сунуштайм.”

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

Токтом долбоору:

1. 2024-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасын өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитилсин;
2. 2025-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасынын долбоору бекитилсин;
3. 2024-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасынын аткарылышы боюнча берилген башкы эсепчинин отчету канааттандырарлык деп табылсын;
4. Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Негиздөөчүлөр кеңешинин жана Камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! Баарыбызга маалым болгондой заман талабына ылайык биз ички жана сырткы кызматташтыкты ар дайым күчөтүшүбүз керек. Бул багытта аткарыла турган иштерди төмөндө баяндамада көрө аласыздар.”

Баяндама жасалды. Баяндамада өлкө ичиндеги байланыштарды күчөтүүдө төмөнкүлөргө көңүл бурулары айтылды:

1. Регионалдык кызматташтыкты өнүктүрүү;
2. Кызматташуу үчүн конференцияларды жана семинарларды уюштуруу;

3. Иш берүүчүлөр жана университет ортосундагы байланышты бекемдөө;

4. Жергиликтүү коом менен байланыштар;

Ал эми эл аралык байланыштарды күчөтүүдө:

1. Эл аралык партнерлор менен кызматташтыкты бекемдөө;

2. Эл аралык конференцияларга катышуу;

3. Чет өлкөдөн студенттерди тартуу;

4. Академиялык мобилдүүлүктү жогорулатуу;

5. Жаңы эл аралык гранттар жана сыйлыктарды алуу.

Ар бир пунктун орду белгиленип, максаттары айтылды.

Сунуш, суроолор болгон жок.

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды.

1. Ички жана тышкы байланыштарды күчөтүү боюнча айтылган маалымат эске алынсын;

2. Ички жана тышкы байланыштарды күчөтүү боюнча иш чаралар пландын негизинде аткарылсын;

3. Аткаруу Эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнө жүктөлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы, урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! Окуу иштери боюнча кыскача айтып кетсем: жарым жыл ичинде пландаган иштер аткарылды, саат жүгү эки кафедрада тең 100% аткарылып жатат. Учурдагы окутуучулардын саны 21, ичинен окумуштуулук даражалуулар 48% түзөт. Окуу усулдук иштер боюнча бардык предметтерден силлабустар түзүлүп, тесттик тапшырмалар өз убагында АВН порталына жүктөлдү. Учурда 2-, 3-, 4-курстар үчүн кышкы экзамендик сессия жүрүп жатат, ал эми 1 курстар биринчи модулун тапшырышууда.

Сунуш.

Окуу-маалымат бөлүмүнүн иш жүргүзүсүн жакшыртуу жана күчөтүү максатында деканаттын структурасына инспектордун штаты ачылып берилсин, жана маалыматтык АВН системасынын кызматы күчөтүлсүн.

Токтом долбоору

Окуу иштери боюнча проректордун отчету канааттандырарлык деп табылсын. Сунуштар эске алынып, толуктоо менен кабыл алынсын.

3-маселе боюнча ЖАЭУнун Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректорунун отчету угулду: – “Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! 2024-2025-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында пландалган иштер толук аткарылды. Илим жаатында окутуучулар үчүн бир топ семинарлар өткөрүлдү жана илимий журналды ачуу боюнча иштер жүрүп жатат. Мамлекеттик тил боюнча иш планга карата иштер аткарылды. Тарбиялык иштер боюнча декан жана кураторлор менен бирдикте планга ылайык иштер аткарылды.”

Зульфия Атамырзаевна аткарылган ар бир ишке токтолуп, келечекте аткарыла турган жумуштарди кеңири айтып берди (слайд боюнча баяндама жасады, баяндаманын материалдары тиркелет).

Сунуш, суроолор болгон жок.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору добуш берүүгө сунушталды:

1. Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректордун маалыматы эске алынсын жана 2024-2025-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгы үчүн отчету канааттандырарлык деп табылсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3-маселе боюнча административдик чарба иштери боюнча проректор Торокулов Эльдияр Шаршенович жарым жылдык отчетун берди.

Административдик чарба иштери боюнча пландаган иштер толугу менен аткарылды. Окуу прорцессини юштуруудагы маселелер өз убагында чечилди. Эл аралык аккредитациялык агенттиктин талаптарына жооп бере турган маериалдык техникалык базаны түптөгөнү аракеттер кылынды. Экинчи жарым жылдыкта предметтер боюнча лабораториялык жабдыктарды алууга аракет жасайбыз.

3-маселе боюнча медициналык факультеттин деканы Астанов Ш.М. отчет берди - “Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер! Өзүңүздөргө маалым болгондой деканаттын иши көп ошондуктан төмөнкү слайтта мен айлар боюнча аткарылган иштерди сүрөттөрү менен коюп презентация даярдадым.” (слайд боюнча баяндама жасалды, баяндаманын материалдары тиркелет).

Баяндамада окуу иштери, окуу усулдук иштер, тарбиялык иштер камтылган. Деканаттын иш планындагы 2024-2025 окуу жылынын биринчи жарым жылдыгы үчүн пландалган иштер толук аткарылды.

Сөзгө чыккандар:

1. Окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садырова: - “Берилген отчеттор жыл башында пландалган жумуштар менен дал келет. Ар бир структуралык бөлүм жарым жыл ичинде чон иш жасады, аккредитациядан өтүүдө бардык иш кагаздарын, уюштуруу иштерин түптөштү. Ошондуктан жетекчилердин жарым жылдык отчету канааттандырарлык деп сунуштайм жана колдойм.”
2. Медициналык факультеттин деканы Ш.М. Астанов: – “Проректорлордун жарым жылдык отчету канааттандырарлык деп табылсын деп сунуштайм”

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. Проректорлордун, структуралык бөлүмдөрдүн жарым жылдык отчеттору канааттандырарлык деп табылсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

4-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: – “Урматтуу кесиптештер, профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү жөнүндө кыскача баяндоого уруксат бериниздер”.

Нургуль Адылгазиевна академиялык мобилдүүлүк боюнча аткарылган ар бир ишке токтолуп, келечекте аткарыла турган жумуштарды айтып берди (слайд боюнча баяндама жасады, баяндаманын материалдары тиркелет).

Сунуш, суроолор болгон жок.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору добуш берүүгө сунушталды:

1. Профессордук окутуучулук курамдын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү күчөтүлсүн;
2. Көзөмөлдөө жагы окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садыровага жүктөлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

5. Ар түрдүү маселелер:

5.1-маселе боюнча Окумуштуу катчы, Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор, т.и.к., доцент, З.А.Асилова сөз сүйлөдү: – “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! Административдик кеңеште да айтылып талкууланган, илимий журналыбызды ачуунун зарылдыгы келип чыгып жатат. Ошондуктан эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор Дипак Чуалагейн менен бирдикте керектелүүчү иш кагаздарды тактадык.

Илимий журналдын аталышы “Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы” деген аталышты сунаштап жатабыз, себеби бул журнал Эл аралык деңгээлде болуп бир нече багыттарды камтыйт. Атап айтсак медициналык, экономикалык, гуманитардык жана табигый, педагогикалык жана техникалык багытттар.

Быйылкы календардык жылда 3 санын чыгарууга аракет жасайбыз. Жалпы жыл ичинде чыгарыла турган макаларадын саны 100 жетиши керек. Биринчи санын март айга чыгарууну пландаганбыз.

Журналдын биринчи бетинин дизайны жана электрондук сайты даяр болгон. Жакынкы арада макаланы жазууга коюлган талаптарды иштеп чыгабыз. Журнал юридикалык тараптан каттоодон өткөндөн кийин уюштуруу процессин баштоого даярбыз.

Сиздерге илимий журналдын жобосун бекитип берүүнү сунуштайбыз (Жобо тиркелет).”

Сөзгө чыккандар:

1. Дипак Чаулагейн, окумуштуулар кеңешинин мүчөсү: – “Чынында ар бир окуу жайдын илимий журналы болушу керек эмеспи. Биз эл аралык университет болгондуктан журналыбызга чет элдик авторлордун макалаларын жарыялоону туура көрдүк, ошондуктан айтылган редакциядагы аталышты тандап алдык. Жакынкы аралыкта журналды чет элдик журналдардын базасына киргизгени аракеттерди жасайбыз. Баарыңыздарга ийгилик каалайм.”

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. «Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы» илимий журналы түзүлсүн;

2. «Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы» илимий-маалыматтык журналынын жобосу, программалык максаттары жана милдеттери бекитилсин;

3. «Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы» илимий журналынын башкы редактору болуп ф.-м.и.к., доц. Нарбаев Мирсадык Рахимбердиевич дайындалсын;

4. «Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы» илимий журналы Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында белгиленген тартипте катталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан бекитилди.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. а) 2024-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасын өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитилсин;

б) 2025-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасынын долбоору бекитилсин;

в) 2024-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасынын аткарылышы боюнча берилген башкы эсепчинин отчету канааттандырарлык деп табылсын;

г) Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Негиздөөчүлөр кеңешинин жана Камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын.

2. а) Ички жана тышкы байланыштарды күчөтүү боюнча айтылган маалымат эске алынсын;

б) Ички жана тышкы байланыштарды күчөтүү боюнча иш чаралар пландын негизинде аткарылсын;

в) Аткаруу Эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнө жүктөлсүн.

3. Проректорлордун, структуралык бөлүмдөрдүн жарым жылдык отчеттору канааттандырарлык деп табылсын;

4. а) Профессордук окутуучулук курамдын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү күчөтүлсүн.

б) Көзөмөлдө жагы окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садыровага жүктөлсүн.

5. Ар турдүү маселелер.

а) «Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы» илимий журналы түзүлсүн;

б) «Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы» илимий-маалыматтык журналынын жобосу, программалык максаттары жана милдеттери бекитилсин;

в) «Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы» илимий журналынын башкы редактору болуп ф.-м.и.к., доц. Нарбаев Мирсадык Рахимбердиевич дайындалсын;

г) «Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы» илимий журналы Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында белгиленген тартипте катталсын.

Көчүрмөсү анык
ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент:  Асилова З.А.